Кыргызстан боюнча ыңгайлуу арзан тур

Өлкө: Кыргызстан

Сүрөттөө:

Бул тур атайын аз чыгым коротуп бирок ошол эле учурда Кыргызстандын жаратылышы, маданияты жана эли менен жакындан таанышкысы келгендер үчүн арналаган.

1 - күн: "Манас" аэпорту - Бишкек

Аэпортко конуу, айдоочу менен жолугуу жана Бишкек шаарына трансфер. Гид жана айдоочусу жок шаар ичинде өз алдынча сейилдөө. Хостелде түнөө(жайгашуу саат 14:00дөн кийин).

Тамак-аш: камтылган эмес

2 - күн: Бишкек - Кочкор

Эртең мененки тамактан кийин Кочкор айылына жол тартабыз. Жолдон “Бурана” мунарасын, сырттагы музейди жана балбал таштарды көрө кетебиз. Жеткенден кийин конок үйүнө жайгашуу. Кечинде айылда өз алдынча сейилдөө, таанышуу. Кечки тамак жана түнөө конок үйүндө.

Тамак-аш: эртең мененки жана кечки тамактар

3 - күн: Кочкор - Соң-Көл

Эртең мененки тамактан кийин Кыргызстандагы бийик тоолуу жана кооз көлдөрдүн бири Соң-Көлгө сапар. Боз үйдө түнөйсүңөр жана көчмөн элдин күнүмдүк жашоосу менен жакындан таанышасыңар. Боз үйдө түнөө.

Тамак-аш: үч маал

4 - күн: Соң-Көл

Бир күн кечке Соң-Көлгө экскурсия.
Соң-Көл көлү 3016 метир бийиктикте жайгашкан, аянты 270 км, көлөмү 2,64 км. Көлдүн максималдуу узундугу 29 км, туурасы 18 км, жана эң терең жери 13,2 м. Бул чоңдугу боюнча Ысык-Көлдөн кийинки экинчи көл.

Тамак-аш: үч маал

5 - күн: Соң-Көл - Жети-Өгүз өрөөнү

Эртең мененки тамактан кийин Жети-Өгүзгө жол тартабыз, бул өрөөн укмуштай кооз кызыл жарларга бай жана “жети өгүздүн” формасы бар жарды көрөсүңөр. Андан сырткары совет мезгилинде курулган жана азыркы күндө дагы эксплуатациядагы спа-борборго барсаңар болот. Бирок укмуш шарттарды күтпөгүлө, совет мезгилиндегидей эле иштейт. Андан кийин Көк-Жайык жайлоосуна (гүлдөрдүн өрөөнү) чейин барабыз. Боз үйлөргө жайгашуу. Күндүн экинчи жарымында тегеректеги тоолорго жана шаркыратмага экскурсия.

Тамак-аш: үч маал

6 - күн: Жети-Өгүз өрөөнү

Бир күн кечке Жети-Өгүз өрөөнүн кыдырсаңар болот. Тоого чыгып жана шаркыратмага барабыз.

Тамак-аш: үч маал

7 - күн: Жети-Өгүз - Каракол

Эртең меенки тамактан кийин Каракол шаарына трансфер. Каракол шаарына келгенден кийин жергиликтүү базарга, жыгачтан жасалган орус чиркөөсүнө, Дунган мечитине, Пржевальскийдин музейине чакан экскурсия уюштурулат. Пржевальский- Борбор жана Чыгыш Азияны изилдеген орус изилдөөчүсү. Ал Борбордук Азияны изилдөө ишине чоң салымын кошкон жана биринчи жолу жапайы жылкынын жалгыз сакталып калган түрүн сүрөттөп жазган жана ал анын атынан Пржевальскийдин аты болуп аталып калган. Түшкү жана кечки тамактар өзүңөрдөн.

Тамак-аш: эртең менеки тамак

8 - күн: Каракол - Чолпон-Ата

Эртең менеки тамактан кийин Ысык-Көлдүн түштүк тарабы менен Чолпон-Ата шаарына жол тартабыз. Көл жээгинде бош убакыт. Мейманканада түнөө.

Тамак-аш: эртең мененки жана түшкү тамактар

9 - күн: Чолпон-Ата - Бишкек

Эртең мененки тамактан кийин Петроглиф музейине жана Рух-Ордо көркөм маданият музейине чакан саякат. Бишкек шаарына сапар. Келгенден кийин мейманканага жайгашуу. Кечки бош убакыт.

Тамак-аш: эртең мененки жана түшкү тамак

10 - күн: Бишкек - "Манас" аэропорту

Эртең мененки тамактан кийин "Манас" аэропортуна трансфер.

Тамак-аш: эртең мененки тамак

Бааның ичинде

Мезгил:

middle of June - September
от 56525 KGS (665$)

Күн: 10 / Түн: 9

KYRGYZ CONCEPT

Кыргызстан боюнча ыңгайлуу арзан тур



Байланышуу:
(24/7) +996 312 900 883, +996 701 900 883, +996 777 900 883, +996 557 900 883
tours@concept.kg